КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ И ИННОВАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

20 25 "10" июль № 12

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

Бишкек ш.

## Босого баллдарды бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын 32-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 355 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарына кабыл алуу тартибинин 44, 62-пункттарынын негизинде, **буйрук кылам:**

1. 2025-2026-окуу жылына жогорку кесиптик билим берүү уюмдарына абитуриенттерди кабыл алууда төмөнкүдөй босого баллдар бекитилсин:

1) Гранттык негизде жана келишим боюнча акы төлөнүүчү окутуунун бардык формалары үчүн (ушул буйруктун 1.2 - 1.5-пунктчаларынан тышкары):

- негизги тест боюнча – 110 балл;
- англис тили боюнча – 60 балл;
- химия боюнча – 60 балл;
- биология боюнча – 60 балл;
- физика боюнча – 60 балл;
- тарых боюнча – 60 балл;
- математика боюнча – 60 балл;
- кыргыз тили боюнча – 60 балл;
- орус тили боюнча – 60 балл.

2) Педагогикалык билим берүү багыттарынын/адистиктеринин тизмеги 1-тиркемеге ылайык бекитилсин, 1-тиркемедеги даярдоо багыттары/адистиктери үчүн:

- гранттык квоталарга негизги тест боюнча – 130 балл;
- келишим боюнча акы төлөнүүчү окутуунун бардык формаларына негизги тест боюнча – 115 балл;
- англис тили боюнча – 60 балл;
- химия боюнча – 60 балл;
- биология боюнча – 60 балл;
- физика боюнча – 60 балл;
- тарых боюнча – 60 балл;
- математика боюнча – 60 балл;
- кыргыз тили боюнча – 60 балл;
- орус тили боюнча – 60 балл.

3) Саламаттык сактоо багыттарынын/адистиктеринин тизмеги 2-тиркемеге ылайык бекитилсин, 2-тиркемедеги даярдоо багыттары/адистиктери үчүн:

- гранттык квоталарга негизги тест боюнча – 120 балл;
- келишим боюнча акы төлөнүүчү окутуунун бардык формаларына негизги тест боюнча – 110 балл;
- химия боюнча – 60 балл;
- биология боюнча – 60 балл;
- физика боюнча – 60 балл;

4) Айыл чарба жана айыл чарба илимдери боюнча багыттарынын/адистиктеринин тизмеги 3-тиркемеге ылайык бекитилсин, 3-тиркемедеги багыттары/адистиктери үчүн:

- гранттык квоталарга, келишим боюнча акы төлөнүүчү окутуунун бардык формаларына негизги тест боюнча – 100 балл;
- химия боюнча – 60 балл;
- биология боюнча – 60 балл;
- физика боюнча – 60 балл;
- математика боюнча – 60 балл;

5) I жана II топтогу майыптарды, бала кезинен майыптарды, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды, тоголок жетим балдарды жана ата-эненин көзөмөлсүз калган балдарды кабыл алуу үчүн медициналык жана фармацевтикалык адистиктерден/багыттардан тышкаркы бардык адистиктерге/багыттарга:

- гранттык орундарга негизги тест боюнча – 90 балл;
- келишим боюнча акы төлөнүүчү окутуунун бардык формаларына негизги тест боюнча – 90 балл.

2. Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын кабыл алуу жана гранттык комиссиялары мамлекеттик билим берүү грантын алуу жана келишим боюнча акы төлөнүүчү окутуунун бардык формаларынын конкурсуна босого баллдан жогорку же бирдей балл алган абитуриенттерге гана катышууга уруксат берсин.

3. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө министрдин орун басары Н.К. Омуровго жүктөлсүн.

**Министр** **Б. Орозов**